Китеп дүйнөсүнө саякат

Абзий Кыдыров

# Бөбөктөрдүн алиппеси



83.8
К-92

Кыдыров Абзий

# БӨБӨКТӨРДҮН АЛИППЕСИ




Сүрөтчү
Бекбосун Жайчибөков

2458
ДЕТБИБЛИОТЕКА
27332

Бишкек 2015

УДК 821.51-93
ББК 83.8
К 97

К 97 **Кыдыров Абзий. Бөбөктөрдүн алиппеси/Сүрөттөрүн тарткан Б. Жайчибеков.** – Б.: Кутаалам, 2015. – 24 б., ил.

ISBN 978-9967-25-179-3

Жазуучу Абзий Кыдыровдун бул чыгармасы алиппени бат, так, оңой жана кызыгуу менен үйрөнүүсүнө багытталган. Китепте ар бир тамгага ыр жазылган. Куплеттеги ар бир сап кайсы тамгага арналса ошол тамга менен башталган сөз менен жазылган. Ырларды да оңой жаттап алууга болот.

К 4803300200-08
ISBN 978-9967-25-179-3

УДК 821.51-93
ББК 83.8
© ЖЧК “Кутаалам”, 2015



Аппак, кызыл алмалар,
Алгач кергөн таңданар.
Апортубу, кандайы,
Алам десең тандап ал.

Талбай ылдам жүгүргөн,
Албан ишти бүтүргөн.
Аз келгенсип анысы,
Өз жүгүн өзү түшүргөн.





Биздин жакта бадам бар,
Бышса балдар бадаңдар.
Бадам сонун жемиш деп,
Барктайт билген адамдар.



Вераларда толгон гүл,
Верандасы бүтүн гүл.
Вера талбас экенин,
Венерага түшүндүр.

Ал кетсе бийик көк жирөп,
Карагыңды келтирет.
Үч айлык жерге бул учкул,
Үч гана саатта жеткирет.






Гүлдүү тоонун гүлүн көр,
Гүлдөрүнүн түрүн көр.
Гүлдөй жүзүң жайнаса,
Гүлдөн жүзүң күлүңдөр.



Даны кызыл дан куурай,
Даамы ширин бал куурай.
Дароо барып тере сал,
Дасторконго койгудай.

Коюп койгон туш келди,
Толгон–толгон жүктөрдү,
Жүз метрдей бийикке,
Өзү ташып бүткөрдү.





Еленаны ким билбейт,
Елена ескен бир гүл дейт.
Егор менен баратып,
Енот кергөн бир күн дейт.



Ёлканы айландык,
Ёлкабыз сонун дөп.
Ёлкада айтылат,
Ёлкадай сонун кеп.

Төбесүнде дирилдек,
Тегеренсе зирилдеп.
Турган жерден тик гана,
Учуп кетет күрүлдөп.





Жүгөрүсү көк тирейт,
Жети метр болжолу.
Жүрөгүңдү сүйүнтөт,
Жүзүмдөрдүн сол-солу.



Зыгыр дагы пайдалуу,
Зыгырдан май алынат.
Зыгырдын кеп маанисин,
Зулай айтат жаңылап.

Бир жүрүп алса дырылдап,
Көк түтүнү бурулдап.
Айсыз түнгө карабай,
Жүргөнү жүргөн ыр ырдап.






Ийине келбей апакең,
Ихилеп ичим, башым дээр.
Илгертен маалым дабасы,
Ит мурундун ашын тер.



Й-бул. Эч бир сөздүн башына,
Й келбейт деп жүрөбүз.
Йа деп, жатпайбызбы дөп,
Айтсак кантет биреөбүз.

Тептегерек чоң башын,
Ыраатты менен имерет.
Ысып турган белмөнү,
Салкындатып жиберет.





Кызарып бышканда анар,
Кыпкызыл элө фонарь.
Кырмызылар көрсө,
Кызыкпай койбойт алар.



Ландыштын уругун,
Лайли бизге жеткирди.
Лимонду багына,
Лола багып естүрдү.

Түшүп келет шыптан ылдый,
Үлбүрөк жибин чубап.
Кайтат өйдө кайра түрүп,
Кетет го десек төмен кулап.





Мадылга калкан салам деп,
Мааданбек кетти аттанып.
Мандарин жүктөп келдим деп,
Малдыбай жүрет шаттанып.



Нан кадырын билебиз,
Нан деп ырдап жүрөбүз.
Намыс үчүн бек туруп,
Нарктуу емүр сүребүз.

Арсайган төрт тиши бар,
Тоо томкорор күчү бар.
Ушундай алпты башкарган,
Биз билген билгир киши бар.





Ң  деген тамга бул болот,
Ң  деген жерге комдонот.
Ң маанисин билгендер,
Ңды туура колдонот.



Ойлонуп олтурбай,
Ой-Талга баралы.
Оюнан кыргоолун,
Олжолоп алалы.

Топучан ар кыл түрү бар,
Боорунда гүлү бар.
Таза кармап апакең,
Урматтайт нени билип ал.





Өгөйлөй бербей биз,
Өрдөшкө жетели.
Өйдөлөп отуруп,
Өр ашып көтели.



Пазыл быйыл езгөчө,
Пиязды көп айдады.
Памир жүрөт табам деп,
Пахтадан көп пайданы.

Үйден чыкканда,
Окшотуп кийесиң.
Үйге келгенде,
Илгичке баптап илесиң.





Раштын багында,
Роза гүл жайнайт.
Рахат сездирип,
Раттуу куш сайрайт.



Сарымсак багымда,
Согонду теребиз.
Сабизи жанында,
Солутпай маалында.

Олтурсаң орундук,
Жатсаң керебет.
Жумшактык жагы да,
Өзүнче керемет.






Тоого балдар токтобой,
Томпоңдошуп кыр ашты.
Тоодак кайда болорун,
Топчубайдан сурашты.



Уламадан биз уккан,
Уларлуу тоо, ушул тоо.
Улап изин чалгыдай,
Укмуштай бир учур го.

Мында кол да, бут да жок,
Эки гана көзү бар.
Жакын кылат алысты,
Көргүң келсе көрүп ал.





Үүлдөгөн добушту,
Үңкүр жактан угабыз.
Үкү го бир көрсөк дөп,
Үмүт кылып турабыз.



Фарид айтат дайыма,
Ферганадан келгенин.
Фарида аттуу эжеси,
Фотоаппарат бергенин.

Күз келгенде жулунган,
Буудайды бурдап сугунган.
Коймого толгон кызыл дан,
Машинага чубурган.





Харьковдон келген Харитон,
Хивадан келген Халима.
Халваны бөлүп жеткирди,
Хадича, Хаким баарына.




Цейлондуку сонун деп,
Цейлон чайын барктайбыз.
Цементсиз үй курулбайт,
Цементти да даңктайбыз.

Ылайыкту орунда,
Турат үйдүн боорунда,
Так билгизген убакты,
Тууралыгы сонун да.





Чынара чие багына,
Чамгырдын экти үрөнүн.
Четиндей болуп кызарып,
Чыгарын ылдам билемин.



Шилбилүү төрдөн кербедүм,
Шабдалынын чыкканын.
Шалбалуу жерде шабдалы,
Шак ийет деп уккамын.


Төтигин бассаң жаркырап,
Алдыңа баары тартылат.
Ойлонтуп андан көргөнүң,
Унуткус элес калтырат.





Щ мөнен башталган,
Щ да сөздер аз экен.
Щи деген бир ашы бар,
Борщу өңдүү дейт атакем.

ДЕТБИБЛИОТЕКА
2459



Ажыратуу бөлгиси,
Аз сөздөрдө кездешет.
Бири съезд экөнин,
Балдар ылдам эстөшөт.

Бул жумшартуу бөлгиси,
Тааныш болсун көздөргө.
Талыбастаң катышат,
Чөт элдөн киргөн сөздөргө.

Болсо дагы канаты,
Чуркап жүрүү адаты.
Куштан чыккан күлүк бул,
Аты кандай билип тур.





Ыбрай деген койчунун,
Ыргайдан болчу таягы.
Ышкыбыз артып барчубуз,
Ышкындуу төргө баягы.



Энем айтып кергездү,
Эрмен деген куурайды.
Эзелтеден әчкилер,
Эң бир ынак турбайбы.

Отуруп алып Бишкекте,
Оштон кабар угасың.
Түпкүрдөгү тууганды,
Жайын билип турасың.




Юсуп айтып саламды,
Юнуска алдан кол сунат.
Юрист досум келет деп,
Юра күтүп отурат.





Ялта деген калаадан,
Яков досум келгенде.
Янис жайлуу көп курду,
Янаны көргөндө.

Тез жетсе женөп кетсөк деп,
Карашат күтүп эл дарбап.
Кызматын етеп чалыкпай,
Ал жүрөт эки зым кармап.



## ИШКЕР АЛИППЕ

Абыл айыл карысы,
Ардакташат баарысы.

Балбанга түшүп качантан,
Бакир балбан атанган.

Вовага коңшу туруучу,
Виктор үйдү куруучу.

Гүлай эже саймачы,
Гүл ачкандай саймасы.

Дайыр байке тренер,
Дайын элге бул енер.

Егор түк ууга барбаган,
Енотту бир жыл кармаган.

Жакып байке жылкычы,
Жылгындуу сайда жылкысы.

Замир иштейт заводдо,
Закирдей чебер болотко.

Илимкан дегдеп илимди,
Ишкердиги билинди.

Күлаш эжем тигүүчү,
Кеп моданы билүүчү.

Латипа эжебиз,
Лаборант болуп өсөбүз.

Намыска бек Насырбек,
Насырбектөй баатыр көп.

Омор чертип комузун,
Оболотот добушун.

Өргө тартып көңүл,
Өтүк тигет Өмүр.

Паравозчу Мыркымбай,
Паровоз айдайт бир тынбай.

Рахман менен эшпери,
Радио мастери.

Сокен биздин сүретчү,
Сонун тартат сүреттү.

Таалайым деп тоо менин,
Такен издейт тоо кенин.

Улуу тоодон уларды,
Улан көрүп кубанды.

Үсен уста эң чебер,
Үкең барбы мелдөшер.

Фармаколог болгону,
Фарид ишин оңдоду.

Хасан эңсеп бул күндү,
Хирург болом деп жүрдү.

Цирк деп есүп толомун,
Циркачтардай боломун.

Чынар жазат чыгарма,
Чыкыйып эстен чыгарба.

Шайкүл артист болом дейт,
Шаарларга оюн коём дейт.

Щорс деп жазат каламым,
Щорстай болуу талабым.

Ырыс ырчы эл сүйгөн,
Ысман сынчы күрсүйген.

Эсенбек электрик,
Э десең келет кирип.

Юрусландын Манабы,
Юрист болуу талабы.

Якор белги тагынган,
Янис моряк чамынган.



# Абзий Кыдыров

Белгилүү акын Абзий Кыдыров 1931-жылы Ысык-Кел областынын, Түп районунда дыйкандын үй-бүлөсүнде терелген. 1950-жылы М.Элебаев атындагы орто мектепти бүтүрүп, айылдык мектепте иштеп, андан кийин Советтик Армиянын катарына кызмат өтөеге кетет.

Андан кийин “Кыргызстан пионери” газетасынын редакциясында иштеп, балдарга арналган ырларды жазат. Кийинчерээк “Советтик Кыргызстан” газетасына да ырлары чыга баштайт. 1960-жылдардан баштап акын-лирик катары бир катар поэмаларды жаратат.

А.Кыдыров элге акын-сатирик, котормочу катары да белгилүү. Ал С.Маршак, С.Михалков, А.Барто ж.б. авторлордун ырларын да кыргызчага которгон. А.Кыдыровдун көптеген чыгармалары мектеп программасы боюнча окуу китептерине, хрестоматияларга киргизилген.

А.Кыдыров “Кыргызстан маданияты”, “Байчечекей” журналында, “Кыргызстан пионери” газетасында, “Кыргызстан” жана “Мектеп” басмасында иштеп келген. Акын кептеген балдарга арналган чыгармалардын автору. Анын чыгармалары баланын ички дүйнесүн терең түшүнүү, сезүү менен жаралганы байкалып турат.



2458

**Абзий Кыдыров**
**Бөбөктөрдүн алиппеси**

Сүретчү Б. Жайчибеков
Редактору А. Кабылова
Компьютердик калыптоочу А. Анохин
Корректору Г. Сагынбекова

Нускасы 1000
**ЖЧК “Кутаалам”**

# “Китеп дүйнөсүнө саякат”
## Балдар көркөм адабият сериясы

